**Нарын районундагы Казаалы Абиров атындагы орто мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун**

**ПРОТОКОЛУ**

19-сентябрь 2018-жыл

Чогулушка катышкандардын саны - 72

Чогулуштун жетекчилери:

Мектеп директору: С. Турузбекова

Окуу бөлүмүнүн башчысы: С. Осмонов

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**1.2018-2019-окуу жылында аткарыла турган иштер.**

**Стратегиялык план**

**2. 2017-2018-окуу жылындагы ийгиликтер,жетишкендиктер, билим сапаты**

**3. Камкорчулар кеңешин кайра түзүү жана жобо менен тааныштыруу**

**Чогулуштун жүрүшү:**

Мектеп директору С. Турузбекова сөз сүйлөп, мектептеги аткарылып жаткан иштер боюнча маалымат берди. 2018-2019-окуу жылында аткарыла турган иштер, стратегиялык план тууралуу түшүндүрүп өттү.

2-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы С. Осмонов кеңири маалымат берип өттү.«2017-2018-окуу жылында биздин мектепте 141 бала окуду. Билим сапаты 44% түздү . Башталгыч класстардын билим сапаты 55-60%. Мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн 3жылдык ЖОЖго өтүүсүн ала турган болсок, 85% окуучу өткөн. 2017-2018-окуу жылында бүткөн бүтүрүүчүлөрдүн 70% ЖОЖдо окуп жатат. ЖРТда жакшы жыйынтык көрсөтүштү. Баланын жөндөмүнө, шыгына карап окутсак, окууга тапшырууда да эске алсак жакшы жыйынтык берет эле. Үй тапшырмасын аткарууда жардам берип карап турсаңар, сабагына катышсаңар, окуучуда да жоопкерчилик өсүп жакшы жыйынтык берет эле.

Окуучулар быйылкы жылда жакшы жыйынтык көрсөтүштү,Айта кетсем 6-класстын окуучусу Сагынбек кызы Каухар АКМО олимпиадасында, республикалык турунда активдүү катышуучу болду. Облустук, республикалык кароо-сынактарда 1-2-орундарды камсыз кылган окуучулар болду. Ата-энелер сабаккка катышып, балага көзөмөл күчөткүлө. Китеп арендасы тууралуу айта кетсем быйылкы окуу жылында 5-

класска чет тил, табият таануу, тарых  6-класска чет тил, тарых, география китептери жаңы келди. Ушул китептерге 25 сомдон төлөнөт, калган китептерди бекер окушат. Китептерди сырттап, чаптап берип карагыла. Аренданы төлөөдө да жеңилдиктер каралган, аялуу катмарга кирген балдар бекер окушат.»

Ата-энелер тарабынан кызыктырган суроолорго жооптор алынды. Чоң эне Исаева Сайна форма тууралуу суроо берди. Бул суроого мектеп директору С. Турузбекова жооп берди. «Мектеп 2014-жылы кабыл алынган мектеп формасына токтолгонбуз. Форма тууралуу Уставка киргизгенбиз. Окуучулар бардыгы ошол форманы кийишет.1-8-класска чейин кызыл, 9-11-класстар боз түстөгү форманы кийишет.»

3-маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары Өмүрова. В. сөз алып сүйлөп,окуучуларга болгон көзөмөлдү сабактан кийинки учурда күчөтүү керектигин айтты.окуучулардын сабакка келе жаткан учурда жана сабактан тарагандан кийинки мезгилде алып кетүү жагы милдеттендирилди. Камкорчулар кеңеши тууралуу маалымат берип өттү. «Мектепте 11 кишиден турган көзөмөл кеңеш бар.Ал Камкорчулар кеңеши деп аталат. Жайында атайын семинар болуп өттү. Семинарга барган 5 адам сертификат алды. Бул Камкорчулар кеңеши кандай иштерди аткарат.

-Мектеп каражатын көзөмөлдөйт.

Мектептин кем-карчына демөөрчүлөрдү таап, жардам беришет.

Камкорчулар кеңешинин иши солгун болгондуктан курамды алмаштыруу сунушун киргизет элем»

Сунуш бир оздон макул деп табылып,курам төмөндөгүдөй өзгөрдү.

Мурунку курам:

1.Өмүралиева.Г
2.Курманов.Б
3.Нурманбетов.Д
4.Дүйшөнакунова.Ж
5.Айдралиева. А
6.Казалиев.О
7.Исмаилов. Ш
8.Калкабаев.К
9.Тилеков.К
10.Курманов .Ж
11.Өмүралиева.А

Жаңы курам:

1.Айдралиева.А
2.Курманов.Б
3.Курманов.Ж
4.Айдарова.И
5.Мамырбаева.А
6.Смаилова.Д
7.Жусупова.А

8.Садыралиева.Ж
9.Өмүрова.Г
10.Асанакунова.Н
11.Кудайбергенова.К
Ата-энелер комитетинин төрайымы:
Султанова.Р
Бир добуштан шайланды.

Көзөмөл Кеңешинин мүчөсү Айдралиева Айнура кеңештин милдет, укуктары тууралуу кеңири ата-энелерге түшүндүрдү.

2017-2018-окуу жылында тартылган каражаттар тууралуу Мектеп директору кеңири маалымат берип өттү.

Жеке демөөрчүлөр тарабынан китептер 85000 сом, 8500 сомдук линолеум, Ата-энелер 2 умывальник алып берди. Республикалык бюджеттен 10400 сом бөлүнүп, мектеп ремонттон өттү.Мектеп аянтындагы чөп 7000 сомго сатылып, жетпеген сырлар алынды.Прочий расходко 3500 сом бөлүнөт, ага пол жуучу каражаттар алынат.

Дагы бир айта кетүүчү маселе башталгыч класстын окуучуларына жумасына бир жолу ысык тамак уюштуруу керек болуп жатат, ага сиздердин жардамыңыздар керек.

Ата-энелер макул экендигин билдирип өзүлөрү демөөрчүлүк кылып бере турган нерселерин айтып өтүштү.

Осмонов.С чоң мискей,2мешок картошка, кашык жана вилка, тарелка
Смаилова.Д пияз 2-5 мешокко чейин,
Мамырбаева.А чеснок

Мектеп директору жыйынтыктоочу сөз сүйлөп, ата-энелерге ыраазычылыгын билдирди. Окуучулардын мектепке окуучулук форма менен таза жиберүүнү, китеп жана дептерлеринин сакталышына көзөмөл жүргүзүүнү , окуучулардын өмүрүнүн жана ден соолугунун коопсуздугу үчүн мектепке алып кетип, алып келүү өзгөчө биринчи жана даярдоо классынын окуучуларын коштоп алып кетүү,алып келүү жагы ата-энеге милдеттендирилди.

## Токтом кылынды:

1. 1-класстын жана даярдоо классынын окуучуларынын жолдо жүрүү коопсуздугу сабакка келе жаткан жана үйгө кайткан учурундагы коопсуздугу ата-энелерге милдеттендирилсин.
2. 11 кишиден турган Көзөмөлчүлөр кеңеши

1.Айдралиева.А
2.Курманов.Б
3.Курманов.Ж
4.Айдарова.И
5.Мамырбаева.А
6.Смаилова.Д
7.Жусупова.А

8.Садыралиева.Ж

9.Өмүрова.Г

10.Асанакунова.Н

11.Кудайбергенова.К

болуп дайындалсын

3. Ата-энелер комитети болуп Раиса Султанова дайындалсын.
4. Көзөмөлчүлөр кеңеши мектептин материалдык базасын чыңдоодо, ар тараптан ресурстарды таап, мектеп менен тыгыз байланышта болуп, мектептин ишин алга жылдырууга салым кошуусу милдеттендирилсин.
5. Ысык тамак уюштурууда Көзөмөл кеңешине кошумча жардам берүү милдеттендирилсин.

Көзөмөлдөө жагы Өмүрова Венерага калтырылсын.

Мектеп директору: Турузбекова.С

Катчы: Жунусова.А